# 2021-2022-окуу жылында Адам жана коом предметин окутуу боюнча методикалык сунуштар

Козубаева Бурул Увайдуллаевна – социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкери

burulkozubaeva@gmail.com

0777500406 (whatsapp)

# Негизги түшүнүктөр

1. Актуалдуулугу
2. Нормативдик документтер
3. Өзгөрүүлөр
4. Окуу жүктөмү
5. Окуу китеби
6. Календардык-план
7. Кеңешмеде каралуучу маселелер

# 1. Актуалдуулугу

“Кыргыз жараны”  жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү Концепциясы (2020-жыл, 12-ноябрь)

“Инсандын руханий, адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбиясы жөнүндө” Жарлыкка (2021-ж. 29-январь)

Предметтин мазмуну:
-окуучунун өзүн-өзү таанып-билүүгө, өз иш-аракетине жоопкерчиликтүү болууга тарбиялайт;
-руханий дүйнөсүн улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктардын негизинде өнүктүрөт;
-адеп-ахлактык нормалардын негизинде коомго социалдашуусуна жардам берет;
- жаран катары өз укуктарын колдонууга жана милдеттерин аткарууга багыттайт.

**Нормативдик документтер:**

-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы;

-Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандарты (2014-ж.);

- Базистик окуу план (2021-2022-жж.);

- Адам жана коом предмети боюнча предметтик стандарт (2015-ж.);

- Адам жана коом предмети боюнча окуу программа (2018-ж.)

https://edu.gov.kg
http://kao.kg/

2021-2022-окуу жылында Адам жана коом предмети:

-5-6-класс,

- 9-10-11-класстарда

жаңы муундагы предметтик стандарттын жана окуу программанын негизинде окутулат.

Жаңы предметтик стандартка жана окуу программага өтүү төмөнкү себептер менен түшүндүрүлөт:

-Адам жана коомдун мазмунуна үч предмет (Жаран таануу, Адеп, Экономика) интеграцияланган. Бул мугалимдин ишмердүүлүгүн укуктук, моралдык жана экономикалык билимдердин негизинде жүргүзүү зарылдыгын белгилейт жана бул билимдерди интеграциялап окутуу процессинде натыжалуу колдонуу талабы коюлат. Бул талапка мурдагы предметтик стандарт жооп бере албайт;

-Адам жана коом предметинин мазмуну тынымсыз жаңыланып турушу зарыл. Бул коомдук процесстин тынымсыз өнүгүүсү менен түшүндүрүлөт: дүйнөдөгү жана мамлекеттеги болуп жаткан өзгөрүүлөр дал ушул предмет аркылуу окутулат. Бирок, 9-10-11-класстар 2005-ж. предметтик стандарт, 2014-ж. окуу программанын негизинде окутулуп келет. Бул ар бир 5 жылда билим берүүдөгү нормативдик документтер жаңыланып турушу керек деген талапка таптакыр каршы келет;

-жаңы предметтик стандартка ылайык Адам жана коом предмети негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү практикалык ишмердүүлүк аркылуу калыптандырат. Бул окуучунун өзүн-өзү таанып-билүүдөн баштап, өзүнө жана айлана-чөйрөгө анализ жүргүзүү, баарлашуу, бир чечимге келүү, жыйынтык чыгаруу ж.б. чыныгы ишмердүүлүк менен ишке ашырылат.

Предметтин мазмуну төрт бөлүмдөн турат:
1. Адам,
2. Коом,
3. Мамлекет жана укук,
4. Экономика жана Экология

Мазмун концентрдик принципте түзүлгөн.

Мазмундук тилкелер: жеке, социалдык жана глобалдык контекстте ачылат.

Бул окуучунун

•коомдогу адамдардын өз ара жана топтогу социалдык мамилелери тууралуу билимдерди өздөштүрүүсүнө жардам берет;

•улуттук каада-салттардын, үрп-адаттардын негизинде адеп-ахлактык жүрүш-турушун жөнгө салып, моралдык жана укуктук ченемдерди билип, өз милдеттерин аткарууга багыттайт;

•жаран менен мамлекеттин ортосундагы укуктук мамилелер, милдеттер тууралуу билимдерге ээ болуусуна көмөктөшөт;

•жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, көп маданияттуулукту кабыл алуу менен плюралисттик көз карашка ээ болууга, айлана-чөйрөсүнө толеранттуулук менен мамиле жасап, ар түрдүүлүккө карабай биргелешип мамлекетти өнүктүрүүгө багыт алуусуна жардам берет;

•финансылык сабаттуулугун арттырып, үнөмдөөгө, материалдык камсыздалууга, жыргалчылыкта жашоого умтулууга, өз муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын адеп-ахлактын жана мыйзамдын чегинде канааттандырууга тарбиялайт.

# Окуу жүктөмү
# 2021-ж., 28-май, № 869/1

Козубаева Бурул Увайдуллаевна_0777500406

# 5-6-класстарда
# Адам жана коом төмөнкүдөй тартипте өтүлөт

| Класс | Жумасына | Жылына |
|---|---|---|
| 5-класс | 1 саат | 34 саат |
| 6-класс | 1 саат | 34 саат |

# 9-10-11-класстарда
# Адам жана коом төмөнкүдөй тартипте өтүлөт

| Класс | Жумасына | Жылына |
|---|---|---|
| 9-класс | 2 саат | 68 саат |
| 10-класс | 1 саат | 34 саат |
| 11-класс | 1 саат | 34 саат |

Козубаева Бурул Увайдуллаевна_0777500406

# Колдонулуучу окуу китептер:

**Адам жана коом:**

| Класс | Аталышы | Автору |
| --- | --- | --- |
| 5 | Адам жана коом | Осмонов Ө.Ж. ж.б. Б.; 2018 |
| 6 | Адам жана коом | Осмонов Ө.Ж. ж.б. Б.; 2018 |
| 8 (мектеп компоненти)-9-10-11-класстар үчүн | | |

https://onlinekitep.kg/ru/

Адам жана коом (Укук таануу). Эсенканов К. Бишкек - 2012.
Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу. 1 – бөлүк. Дж. Пилон ж.б. – Б.:МФИС, 2013, 2-бөлүк – 2013.
Саалаев Ө. Мамлекет жана атуулдук. Усулдук колдонмо. Бишкек - 2013.

Жарандык. АЙФИС (Эл аралык шайлоо системалар фондусу). Бишкек - 2013.
Жарантаануу курсунун мугалиминин ресурстук китеби 9-11- класстар үчүн ШСЭАФ, Бишкек - 2014.

Менин кирешелүү чарбам. 9-11 - класстар үчүн кошумча окуу китеби. Бириккен улуттар уюмунун UN Women структурасы. Бишкек - 2016

Экономика. 9-10 класс Ш. Мусакожоев ж.б. Бишкек - 2010.

-9-10-11-класстар үчүн окуу китептери КББАнын өнөктөшү ММКларды колдоо фонду тарабынан иштелип чыккан платформа: https://onlinekitep.kg/ru/ сайтына электрондук форматта жайгаштырылат;

-7-8-класстар үчүн окуу китептери дагы аталган сайтка жайгаштырылып, республика боюнча жеткиликтүү болот. Бирок, 7-класс быйылкы окуу жылында окутулбайт, ошондуктан, таанышып, сын-пикирлерди берсеңер болот;

-5-6-класстардын аталган сайттагы электрондук варианттагы китептери окуу китептерине (Адам жана коом. 5-6-кл. үчүн окуу китеп. Осмонов Ө.С. ж.б.) кошумча катары гана колдонулат.

**Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо:**

-Адам жана коом. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. 5-класс. Ө.Осмонов., ж.б. – Б.: Билим-компьютер, 2018. – 80 б.;

-Адам жана коом. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. 6-класс. Ө.Осмонов., ж.б. – Б.: Билим-компьютер, 2018. – 80 б.;

-Жаран таануу курсунун мугалиминин ресурстук китеби. 9-11-класстар үчүн;

- “Менин кирешелүү чарбам” 9-10-класстар үчүн кошумча окуу куралы. Ральф ван Гелдер, ж.б. – Б: 2016. – 337 б.;

-“Менин коопсуз жана бейпил мектебим”. 9-10-класстар үчүн кошумча окуу куралы. Геральд Гюнтер, ж.б. – Б.: “Тех.плюс”, 2016. – 184 б.

# Календардык-тематикалык план – окутуу процессинде мугалимдин негизги ишмердүүлүгүн аныктаган документ

(эскертүү: быйылкы окуу жылында республика боюнча бирдиктүү КТП боюнча өтөсүңөр)

Козубаева Бурул Увайдуллаевна_0777500406

## Календардык-тематикалык план. 2020-2021-окуу жылдары
## 5-класс. Адам жана коом.

| № | Тема | Саат | Күтүлүүчү натыйжалар | Мөөнөтү | Тапшырма |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Киришүү** | | - Адам жана адамды курчап турган жакынкы дүйнөсү тууралуу маалыматтарга ээ болот; | | |
| 2 | **Мен – адаммын** | | - Ысымы, улуту, белгилүү бир урукка өзүнүн тиешелүүлүгү боюнча идентификациялайт, өзүнүн жана башка адамдардын кайталангыстыгын баалайт;<br>- Ар түрдүү адамдардын кулк-мүнөзүн, адамдын жүрүм-турумунда акылдын, эрктин, мүнөздөрдүн ролун сыпаттайт;<br>- Эмоция жана сезимдердин адамдын жүрүш-турушуна тийгизген таасири, натыйжалары тууралуу түшүнүккө ээ болот;<br>- Муктаждыктар тууралуу маалыматтарга ээ болуп, адамдын руханий жана материалдык керектөөлөрүн мүнөздөп берет;<br>- Жумушчу дептер менен иштеп, алган билимдерине анализ жүргүзүп, бышыктайт | | |
| 3 | **Менин ысымым** | | | | |
| 4 | **Кулк-мүнөз** | | | | |
| 5 | **Эмоция жана сезим** | | | | |
| 6 | **Адамдын муктаждыктары** | | | | |
| 7 | **Кайталоо** | | - Практикалык ишмердүүлүк жүргүзүү, Жумушчу дептердеги тапшырмаларды иштөө менен негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрү калыптанат. | | |

Козубаева Бурул Увайдуллаевна_0777500406

**Август методикалык жыйындарында төмөндөгү маселелерди кароо сунушталат:**

1.Адам жана коом предметин окутууда мамлекеттик деңгээлдеги документтерди ишке ашыруунун маселелери.
2. Предметтин мазмунунда “жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун” элементтери жана методдору.
3. Окуучулардын руханий дүйнөсүн байытуу жана адеп-ахлагын жөнгө салуу боюнча иш-чараларды уюштуруу.
4. Предметти окутууда санариптик технологияларды колдонуунун өзгөчөлүктөрү.
5. Экрандык билим берүүнүн предметти окутууга тийгизген оң жана терс таасирлери, аларды жөнгө салуунун жолдору.
6. 8-класста (мектептик компоненттин эсебинен) Адам жана коом предметин окутууну уюштуруу.
7. http://onlinekitep.kg/ сайтын колдонуп, окуу китептери менен иштөө.
8. Адам жана коом предметин окутууда предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун маселелери.
9. Ар түрдүү: иш-чараларды, конференцияларды, класстык сааттардын жана тегерек столдордун темаларын тактоо.